**Адеп-ахлак концепциясы боюнча аткарылган иштер**

Окуу  жылынын башталышы менен өткөн окуу жылына анализ берилип, педсоветте жаңы окуу жылына план түзүлдү. 1-сентябрь "Билим күнүнө" карата салтанаттуу иш-чара болуп өттү.





15-сентябрь парламент мүчөлөрүн жана мектеп президентин шайлап, бир жылга аткаруучу иш планын түзүү.





Тарбия завуч соцпедагог менен бирге 19-сентябрь "Риск" группасындагы окуучуларды, томолой жана социетимдердин тизмесин тактады. 21-сентябрь парламент чогулушу болуп, анда "Датка" кыздар уюму түзүлдү. Бул уюмдун башкы максаты балдарга камкордук көрсөтүү деп бекитишти. Октябрь айынын башталышы менен "Карылар күнү"





Жыл ичинде окуучуларды ар тараптан тарбиялоо максатында ар ай сайын тематикалык тарбиялык сааттар өтүлүүдө.

Жолдо жүрүү эрежелери ЖКККБнын Ысык-кол району боюнча милициянын ага лейтенанты Шерашев А.Т. жолдо жүрүүнүн эрежесин сактоо боюнча 4-8 класстардын окуучуларына лекция түрүндө тарбиялык саат өттү.

акциясы өткөрүлүп, мектептин ашканасында атайын дасторкон жайылып, карыларга концерттик программа тартууланды.




Ноябрь айы "Кыз адеби кымбат" деген темада кыздар кеңеши болуп өттү.

**Жарандык тарбия** боюнча сентябрь айынын башы менен тарбия завуч класс жетекчилер менен бирге кылмыштуулукту алдын алуу кеңешин жандандыруу максатында жаңы окуу жылына план түзүштү. Тарбия завуч соцпедагог менен бирге атайын график түзүп, окуучулардын тартибин көзөмөлгө алуу үчүн ИДН менен жолуугушуларды өткөрүүнүн грфигин түзүштү. Окуучулардын тартибин жакшыртуу максатында жыл бою мектеп окуучуларынын арасында зордук-зомбулукту болтурбоо, кылмыштуулуктун алдын-алуу максатында профилактика жүргүзүү пландалып, ишке ашууру каралды.



Мекенчилдикке тарбиялоодо аткарылуучу иштер сентябрь айында "Тилим-менин жан дүйнөм" өндүрүштүк кеңешмеде каралып, жаңы окуу жылына план түзүлдү. Жооптуулар тарбия завучу жана кыргыз тилчи мугалимдери бекитилди. Декабрь айында "Менин айылым" акциясы уюштурулду. Анда айылдын тарыхын билүү менен көрүнүктүү адамдары менен жолугуушулар болуп өттү.






**Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо** ишинде жыл бою тарбия завуч класс жетекчилер менен бирге "Айлан-чөйрөнү тазалайбыз" акциясын ар ишембиде уюштуруп турушат.Сентябрь айынын башталышында "Эколог" кружогу уюштурулду. Бул кружоктун максаты окуучуларды жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо болуп саналат. Кружоктун жетекчиси болуп, Абдыгулова Мээрим

Рысбекова бекитилди.Октябрь айынын ичинде Бостери айыл өкмөтү тарабынан күз майрамы өткөрүлдү. Бул майрамда Бостери айыл өкмөтүнө караган үч мектеп жана үч бала бакча катышты. Майрам конкурстук негизде болуп, Х. Жээнбаев атындагы мектеп[illegible] аймагында болуп, биринчиликти Х. Жээнбаев атындагы мек[illegible] алды. Ал эми мектеп планы боюнча күз майрамы 28-октябрда жогорку [illegible] деңгээлде болуп өттү.





Көп маданияттуулукка тарбиялоодо аткарылчу иштер жыл ичинде спорттук мелдештерди өткөрүү бул боюнча жаңы окуу жылында план бекитилди. Мындан

окуучуга социалдык паспорт түзүлдү. Тарбия завуч класс жетекчи менен бирге түшүндүрүү

иши жүргүздү. Мындан тышкары тарбия завуч класс жетекчи менен өзүнчө иш алып

барды. Жаштар уюму менен иш алып бардым. Ата –энелер комитети менен иш жүргүзүлдү.





тышкары жыл ичинде орус тил, чет тил сабактары боюнча декадаларга катышуу пландалды. Декабрь айынын аягында жаңы жылдык балаты майрамы уюштурулмак, бирок ошол мезгилде Билим Берүү министрлиги тарабынан чыккан буйрукка байланыштуу бул иш-чара токтотулду.







**Эстетикалык тарбиялоодо** тарбия завуч мектеп формасын дайыма кийип келүү, кечиккендерге тиешелүү чараларды көрүү.

“Тилим менин-жан дүйнөм” тил майрамына арналган 3 айлык. Бул майрамга ылайык Х. Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин ар бир классында ачык сабактар өтүлдү.











Мектепте түзүлгөн "Тимурчулар" командасы болсо кары карттарга күз айларында жыйым-терим маалында ар дайым жардам колун узатып турат.





**Тарбиялоо процессинде педагогдун ролунда аткарылган иштер боюнча** "Мугалим мөмөлүү дарак" аттуу мугалимдер күнүнө арналган концерттик программа болду. Мектептин ашканасында атайын майрамдык дасторкон жайылды. Мектеп парламенти эртең менен биринчи саатка чейин мугалимдерди тосуп, чакан куттуктоо баракчасын беришти. Мындан тышкары окуучулар биринчи саатта эжей-агайлардын ордуна сабак өтүштү.



**Эмгекке тарбиялоо.** Мектепте ички буйруктун негизинде 5-11 класска чейин ар бир класстын өзүнө тиешелүү микроучасткалары бар. Бул буйруктун негизинде ар бир класс ар жуманын ишемби күндөрүндө сабактан кийин өз микроучасткаларын тазалап кетишет.





Балдарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу деген темада сентябрдын башында ата-

энелер менен үгү таратуу келишим түзүлдү. Тарбия завуч менен класс жетекчи биргеликте

ата-энелер жыйналышын уюштуруп, ИДН кызматкери менен жолугушуу болду.

**Окуучулар арасында кылмыштуулукту алдын алуу иш чаралары боюнча**

"Риск"группасындагы окуучулар такталып,алардын үстүнөн иш жүргүзүлдү. Сентябрь ичи кылмыштуулукту алдын алуу кеңешин жандандыруу жүрүп, натыйжада курам иш алып бара баштады. Балдар мектепке келип-кетүүдө жол кырсыгынан сактоо максатында жолдо жүрүү эрежелерин түшүндүрүү тарбия завуч, класс жетекчи тарабынан дайыма эскертилип турат. Тарбия завуч соцпедагог, класс жетекчилер тентек, ар кандай адепсиз иштерге жөндөмдүү, сабакты өп калтырган окуучулар менен дайыма иш алып барышат үйлөрүнө рейд жүргүзүшөт. Ата –эне менен тыгыз мамиледе болушат. Мектеп окуучуларынын арасында налог салуу, зомбулукту болтурбоо жана аның алдын алуу иштери ИДН кызматкери менен дайыма ишке ашып турат. Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тарбия завуч класс жетекчи менен бирге кечки рейдке чыгышат.

Кыздар менен иш алып барууда сентябрда "Кыгалдак" кыздар уюму уюшулду. Октябрь ичи кыздар кеңеши өттү анда өзүн-өзү алып жүрүү боюнча иш каралды. Тарбия завучу жана кыздар кеңешинин төрайымы менен бирге "Кыздуу үйдө кыл жатпайт"аттуу тегерек стол 18-ноябрда болуп өттү.

Учётко алынган окуучулар менен өткөрүлө турган иш чарада сентябрь айы учёттогу



